КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз**

**IV сессиясы**

**Токтом №01-5/** 25

Сүлүктү шаары 28.03. 2025-жыл

**Сүлүктү шаардык мэриясынын 24.03.2025ж. №01-7/750 сандагы катын кароо жөнүдө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 24.03.2025ж. №01-7/750 сандагы катында көрсөтүлгөн иш чараларга Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 2025-жылга жергиликтүү бюджет эсебинен "эркин калдыктан" аткарыла турган иш чаралар планындагы 3111 беренесинин Кош-Булак саркынды сууларын тазалоо кайра иштетүү обьектисин куруу жана долбоордук сметалык документтерди даярдоо иш чарасынын максаттык багытын өзгөртүп акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук беруу жөнүндөгү сунуштарды угуп жана талкуулап "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

2025-жылга жергиликтүү бюджет эсебинен "эркин калдыктан" аткарыла турган иш чаралар планындагы 3111 беренесинин Кош-Булак саркынды сууларын тазалоо кайра иштетүү обьектисин куруу жана долбоордук сметалык документтерди даярдоо иш чарасынын максаттык багытын төмөнкү иш чараларга өзгөртүп акча каражаттарын бөлүүгө макулдук берилсин

1. "Сүлүктү шаарындагы "Ынтымак"балдар бакчасынын имаратынын сел өтүүчү тосмо дубалын ремонттоо"долбооруна **300 000 (үч жүз миң)** сом;
2. "А.Кайымкулов атындагы №6 орто мектебинин базасындагы бала бакчасынын чатырын оңдоо" долбооруна **519 000 (беш жүз он тогуз миң)** сом;
3. Жаңы курулуп жаткан маданий комплексинин курулушуна **500 000 (беш жүз миң)** сом;
4. "Таштанды полигондорго тосмо куруу" долбооруна **846 000 (сегиз жүз кырк алты миң)** сом;
5. Сүлүктү шаарынын мэриясынын административдик имаратын капиталдык оңдоо үчүн **507 000 (беш жүз жети миң)** сом;
6. Сүлүктү шаардык мэриясынын чоң жыйындар залын шаардык кеңештин жана сессия өтүүчү кичи залынын ичин эмеректер менен камсыздоого **2 538 000(эки миллион беш жуз отуз сегиз мин) сом;**

7. АТР алкагында өткөрүлүп берилген 553 га жер тилкесине топографиялык жана геодезиялык изилдөөлөрдү , топографиялык чиймелерди жасоо жумуштарына жана топографиялык чийме чийүү үчүн **1 536 013 ( бир миллион беш жуз отуз алты мин он үч) сом;**

8. "Токтогул, Шахтер, Отбасаров көчөлөрүндөгү көпүрөөлөрдү оңдоп түзөө үчүн ДСД даярдоого каралган иш чарадан С.Султанов көчөсүнө балдар ойноочу аянтчасын сатып алууга 3112 беренесине **400 000 (төрт жүз миң)** сом;

9. Токтомдун аткарылышын жана жогоруда көрсөтүлгөн иш чаралардын мыйзам чегинде өз мөөнөтүндө аткарууга алынуусун, бөлүнгөн акча каражатын максаттуу пайдалануу жагын камсыз кылуу шаардын мэри Б.Абдыжапаровго милдеттендирилсин.

10. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага Б.А.Абдуназаров